**И.Раззаков атындагы Тоо-кен технологиялык колледжинин «Спорт өмүрдүн булагы» деген темада өткөргөн иш-чаранын отчету**

2022-жылдын 15-ноябрында И.Раззаков атындагы тоо-кен технологиялык колледжинде «Спорт өмүрдүн булагы» аталышындагы иш-чаранын негизиндеги мини-футбол боюнча мелдеши болуп өттү.

Мелдешге тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев Муратбек Усеналиевич, тарбия иштери боюнча директордун орун басары Ташполотов Кыялбек Момушерович жана предметтик мугалимдер, кураторлор, студенттер катышышты. (1-сүрөт)



**1-сүрөт. Кураторлор жана предметтик мугалимдер мелдеште командалардын оюнуна көз жүгүртүүдө**

Мелдеште ПГк-(11)-22, ГФ к-(11)-22, ОГР к-(11)-22, МД к-(11)-22, Р к-(11)-22, ЭМА к-(11)-22 группаларынын студенттери өздөрүнүн оюнга болгон жөндөмдөрүн көрсөтө алышты.

Алгач, мелдештин жүрүшү тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев Муратбек Усеналиевичтин ачып берүүсү менен башталды. (2-сүрөт)



**Сүрөт-2. ТКТКнын директору жана студенттери мелдештин ачылуу аземинде**

Андан кийин команданын капитандары чакырылып чүчү кулак тартылып командалар 2 тайпага бөлүндү. (3-сүрөт) А тайпада 4 команда, Б тайпадада 4 команда болду. Биринчи оюн ЭМА менен МД к-(11)-22 командасынын оюну менен башталып калган командалардын оюну менен улантылды.



**3-сүрөт. Чүчү кулак тартуу учурундагы көз ирмемдер**

Финалдык баскычка 2 группадан ГГ к-(11)-22, МД к-(11)-22, ОГР к-(11)-22, ГФк-(11)-22 командалары чыгып кооз, мыкты оюн көргөзүштү. 1-2 орунга ОГРк-(11)-22 жана ГФк-(11)-22 командалары чыгышып финалдык беттеште мыкты, кооз оюн корсөтүштү. ОГРк-(11)-22 командасынан Муратбеков Айдарбек, Сарыбаев Баел,  ГФ командасынан Абдылдаев Бексултан, Нурак уулу Сыймык ОГРден Табылдиев Феликс жакшы оюн көрсөтүү менен айырмалана алышты. (4-сүрөт)



**4-сүрөт. Финалдык беттеш. ОГРк (11)-22 тайпасы менен ГФк (11)-22 тайпасы**


Активдүү катышкан жана мыкты оюн көрсөткөн студенттерге колледждин атынан “Мыкты оюнчу”, “Мыкты коргоочу”, “Мыкты чабуулчу” наамындагы дипломдор тапшырылды.



**ТКТКнын директору мыкты оюнчууларды сыйлоо аземиндеги көз ирмемдер**

Финалдык беттеште 1-орунду ОГР к-(11)-22 командасы алып кубок жана диплом менен сыйланышты, ал эми 2-орунду ГФ к-(11)-22 алса 3-орунду МД к-(11)-22 командасы алып диплом менен сыйланышты. Мелдешти жыйынтыктап сыйлоо аземине тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев Муратбек Усеналиевич катышып кубок, дипломдорду жеңишке жеткен командаларга тапшырды. (5-6-7-сүрөт)





**5-сүрөт. 1-орунду камсыз кылган ОГРк (11)-22 тайпасын сыйлоо аземи**



**6-сүрөт. 2-орунду камсыз кылган ГФк-(11)-22 тайпасы куратору менен**



**7-сүрөт. 3-орунду камсыз кылган МДк(11)-22 тайпасы куратору менен**

Иш-чараны уюштурган дене тарбия мугалимине, өз жөндөмдүүлүктөрүн көргөзө билген алдыңкы студенттерге администрация тарабынан ыраазылык билдирилди.

16.11.22. Жумалиева Г.А.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ТОО-КЕН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

# «Спорт өмүрдүн булагы» деген темада өткөрүлгөн иш-чаранын отчету

**Уюштуруучу: ТКТКнин дене тарбия мугалими**

**Жумалиева Гүлүмкан Акылбековна**